Керимбек Кадыракунов 1953-жылы 23-майда Нарын шаарында туулган. 1970-жылы Орто-Нура айылындагы А.Жданов атындагы орто мектебин, 1975-жылы Фрунзедеги Политехникалык институтунун механикалык факультетин ийгиликтүү бүтүргөн. Кесиби боюнча инженер-механик.

Эмгек жолун 1975-жылы Нарын шаарындагы жүк ташуучу автобазада механик болуп иштөөдөн баштап, башкы инженерге чейин иштеген. Кийин республикалык транспорттук эксплуатациялык башкармалыгынын Нарын шаарындагы автобазасынын начальниги болуп дайындалган.

1983–1987-жж. Эл депутаттарынын Нарын шаардык советинин Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп шайланган.

1987–1991-жж. Нарын, Ысык-Көл облустарында Турмуш-тиричилик өндүрүштүк бирикмесинин башкы директору, 1991–2007-жж. “Кыргызалтын” мамлекеттик концернге караштуу “Солтон-Сары” эксплуатациялык чалгындоо кен чыгаруучу мекемесинин начальнигинин орун басары, концерндин башкы адиси, “Нарынмунай ЛТД” жоопкерчилиги чектелген коомунда башкы директор, 2008–2010-жж. «Жети-Өгүз» санаториясынын директору, 2011-жылдан “Кыргызстан” санаториясынын директору болуп иштеп келет.

1974-жылы Республикалык чыгармачыл жаштардын көркөм өнөр фестивалынын лауреаты, Лениндик коммунисттик жаштар союзунун уюштуруу комитетинин дипломунун ээси болгон. Тажрыйбалуу, мыкты өндүрүшчү катары Нарын шаарынын Эл депутаттар советинин беш жолку чакырылышына депутат болуп шайланган. 2007-жылдан Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү. “Сырдашым-жарык дүйнө” (1980), “Мен терметкен ойлор” (2004) аттуу китептери жарык көргөн.